**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.23.671**

Кол жазма укугунда
УДК: 2:29:297.1:93

**Амантур уулу Эдилбек**

# XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы

07.00.03 – жалпы тарых

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

**Бишкек – 2024**

Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык жана укуктук дисциплиналар кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Абдрахманов Төлөбек Абылович**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректору

**Расмий оппоненттер:** **Дадабаева Гульнара Рахимовна**
тарых илимдеринин доктору, профессор,
Казак менеджмент, экономика жана прогноздоо институту, эл аралык мамилелер кафедрасынын ассоциативдик профессору
**Жаркымбаева Роза Сейдалиевна**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Ал-Фараби атындагы Казах улуттук университетинин жалпы тарых, таарыхнааме жана булак таануу кафедрасынын профессору

**Жетектөөчү мекеме:** Казахстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин комитети, Ч.Валиханов атындагы Тарых жана этнология институту. Дареги: 050010, Казахстан Республикасы, Алмата ш., Шевченко көч., 28.

Диссертация 2024-жылдын 28 июнунда саат 13.00до Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia

Диссертация менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр. 394), жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынан (720010, Бишкек ш., Чуй пр., 265а), ошондой эле КР Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан таанышууга болот: https://vak.kg/dissertacionnye-sovety/lk-d-07-23-671/

Автореферат 2024-жылдын 28-майда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ислам мамлекеттери эл аралык мамилелердин жана кызматташтыктардын толук кандуу катышуучулары болуп саналат. Дүйнөдө болуп жаткан окуялардын алкагында ислам мамлекеттеринин эл аралык мамилелердеги ж ана саясат чөйрөсүндөгү таасиринин өсүү тенденциялары «ислам мамлекеттүүлүгү» концепциясына болгон кызыгууну арттырууда. Акыркы бир нече он жылдыктарда дүйнөлүк мамилелердин бардык деңгээлдеринде байкалган ислам мамлекеттеринин өлкөлөр аралык, аймактык, эл аралык, цивилизациялык мааниде кадыр-баркынын өсүшү байкалды.

Акыркы жылдардагы глобалдык өзгөрүүлөр исламдагы мамлекетүүлүк феноменинин актуалдуулугун ого бетер арттырууда. Ошону менен катар, илимий изилдөөлөрдө ислам мамлекеттеринин типологиялык тиешелүүлүгү проблемасына жетиштүү көңүл бурулбаганы, алардын өлкө жана региондор боюнча универсалдуу классификациясы иштелип чыга электиги дагы бул теманын актуалдуулугун күчөтүүдө.

Чет элдик, Ата-Мекендик илимий чөйрөдө ислам жана ислам мамлекеттериндеги мамлекеттүүлүк процесстерине болгон кызыгуунун өсүшү менен күндө ислам коомунун, исламдык укуктук жана мамлекеттүүлүктүн көйгөйлөрүн ар тараптуу изилдөөнүн жанданганын байкоого болот.

Ислам мамлекеттүүлүк феномени тарых илиминде аз көңүл бурулган регионалдык жана субрегионалдык өзгөчөлүктөрдүн алкагында өнүккөндүктөн ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый эволюциясын комплекстүү талдоо бул боштукту толтурат.

Ислам мамлекеттери менен Кыргызстандын аймактык жакындыгы, алардагы болуп жаткан саясий процесстердин таасир этүүсү мамлекетүүлүк моделин жаңы түптөп бара жаткан өлкө үчүн ал мамлекеттердеги коомду, бийликти, ар кандай тармактарды уюштуруу формаларын камтыган системаны жакшы түшүнүп билүүсү керек.

**Диссертациялык иштин башка илимий программалар жана долбоорлор менен байланышы.** Диссертация изденүүчүнүн демилгеси жана илимий жетекчинин жетекчилиги астында бүткөрүлгөн.

**Изилдөөнүн максаты**. XX кылымдагы ислам өлкөлөрүнүн мамлекеттүүлүтүнүн калыптануусунун, өнүгүү тарыхын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн алдыбызга төмөнкүдөй **милдеттерди** койдук:

1. Изилденип жаткан маселенин изилденүү деңгээлин аныктап илимий эмгектерге баа берүү;
2. Изилденүүчү маселени ачып берүүдө колдонулган методдорго мүнөздөмө берүү;
3. Изилденүүчү маселенин булактык базасына баа берүү, алардын маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүнө, каралып жаткан маселени чечүүдөгү ордун аныктоо;
4. Ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формаларынын негизинде аларды классификациялоо жана мамлекетти куруунун исламдык формасынын маанисине талдоо жасоо;

5. Мамлекеттик түзүлүштүн шииттик жана сунниттик версияларынын негизин жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;

6. Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгүн жана ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясына талдоо жүргүзүү;

7. Сауд Арабия Королдугунун башка классикалык мамлекеттердин мамлекеттик түзүлүшүнөн айырмачылыгын көргөзүү;

8. Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшүнө исламдын тийгизген таасири жана мамлекетүүлүгүнүн калыптануусун талдоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

Кыргызстандын тарых илиминде арбын тарыхнааманы анализдөө менен алгачкылардан болуп ислам мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхынын маселелери диссертациялык иликтөө катары изилдөөгө алынды;

Диссертациялык изилдөөдө ислам мамлекеттүүлүгүнүн өзгөчө формасынын калыптануусу, башкаруу философиясы кеңири тарыхый булактарды жана аналитикалык маалыматтардын негизинде изилденип артыкчылыктарына, кемчиликтерине талдоого алынып, жыйынтыктар чыгарылды;

Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгү, аны негиздөөчүсү имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясынын философиясы жана башкаруусу жана Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизи, өзгөчөлүктөрү тарыхый салыштырмалуу талдоонун негизинде изилденди;

Түштүк – Чыгыш Азия ислам өлкөлөрүндөгү мамлекеттүүлүгү, ал мамлекеттердин салыштырмалуу тез өнүгүүсүнүн сырларын ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Диссертацияда алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктары дүйнөлүк экономикада алдынкы орунда турушкан, мамлекетти башкаруу, өнүктүрүү, эл аралык ийгиликтүү мамилелерди жүргүзүү жаатында бай тажрыйбасы, дүйнөлүк саясатта өздөрүнүн орду бар ислам мамлеттеринин тарыхын үйрөнүп мамлекетти калыптандырып, экономиканы өнүгүү жолуна коюп жаткан биздин өлкө үчүн практикалык мааниси жогору. Бул өлкөлөр менен соода-экономикалык жана саясий мамилелерди жана байланыштарды түзүү мамлекетке инвестицияларды тартууга, биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга шарт түзөт.

**Коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор:**

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жактоого төмөндөгүдөй жоболор сунушталат:

1. Изилденип жаткан өлкөлөр менен бизидин өлкөнүн дини бир, каада-салтыбызда окшоштуктар бар. Ал өлкөлөр менен соода-экономикалык жана саясий мамилелерди жана байланыштарды түзүү, мамлекетке инвестицияларды тартуу, тажрыйба алмашуу жаатында алардын мамлекеттүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн эске алып жүргүзүү, окуп үйрөнүү теманын актуалдуулугун дагы бир ирээт далилдейт;

2. Өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү атаандаштык. Биз карап жаткан өлкөлөрдүн мамлекетүүлүгүнүн исламдык өзгөчөлүгү бүгүнкү күндө өзүнүн жашоого, өнүгүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды;

3. Тарыхый өнүгүүлөрүнүн жалпылыгына, тили жана карманган дининин биримдигине карабай, XX кылымда калыптанган ислам дүйнөсүндөгү мамлекеттүүлүктүн формалары бири-бирине окшошпогондугун, мамлекеттин шиит жана сунниттик түрлөрү түзүлгөнүн бөлүп көрсөтүүгө болот;

4. XX кылымдын экинчи жарымында Иран Ислам Республикасын исламга негизделген өзүнүн башкаруу системасын түзө алды жана аны ислам коомун модернизациялоонун үлгүсү катары сыпаттаса болот. Иран Ислам Республикасынын негиздөөчүсү имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясынын философиясы, өлкөнү башкаруунун өзгөчө формасы мезгил сыноосунан өтүп жатат ;

5. Сауд Арабия Королдугунун башкаруусунун сунниттик версиясы жана жаратылыш байлыгы араб өлкөлөрүнүн арасында ийгилигин камсыз кылды;

6. Түштүк – Чыгыш Азия ислам өлкөлөрүнүн исламдык башкаруу формасы өлкөнүн экономикасын модернизациялап, «экономикалык жолборсторго» айлануусуна шарт түздү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Ата Мекендик тарыхнаамада Иран, Сауд Араб жана Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекеттүүлүгү, экономиканы, маданиятты, илим-билимди өнүктүрүү системасы, өзгөчөлүктөрү иликтенип тиешелүү жыйынтыктар чыгарылды. Изилденген өлкөлөрдүн өнүгүү жолдору, ийгиликтери изилденип, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө пайдалануу үчүн практикалык сунуштар берилди. Бул өлкөлөрдүн мамлекеттүүлүгүнүнүн өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары, кемчиликтери жөнүндөгү маалыматтар топтолду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы:** Диссертациянын айрым бир натыйжалары жана жыйынтыктары автор тарабынан эл аралык, регионалдык, жогорку окуу жайлар аралык конферецияларда жана симпозиумдарда окулуп, талкууланган. Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин “Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык жана укуктук дисциплиналар” кафедрасында талкууланып, коргоого сунушталган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары диссертанттын мезгилдүү илимий басылмалардагы 9 макаласында чагылдырылды.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү** коюлган максат, милдет жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн ыраattуулугу менен шартталган. Диссертация киришүүдөн, 3 баптан (анын ичинде 8 параграфтан), практикалык сунуштардан жана камтылган корутундудан, колдонулган адабият тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу көрсөтүлүп, иштин максаты, милдеттери коюлуп, илимий жаңылыгы, практикалык маанилери аныкталып, коргоого алып чыгуучу негизги жоболор иштелип, иштин апробацияланышы, түзүлүшү жана көлөмү берилди.

Биринчи бап **“Ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн тарыхнаамасы”** деп аталып диссертациялык изилдөө темасы боюнча маалыматтарды, эмгектерди, материалдарды жана илимий басылмаларды тарыхнаамалоого, талдоого арналган. **“Ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн тарыхнаамасы”** аттуу бөлүмүндө тарыхнааманы биз алты топко бөлүп илимий талдоо жүргүзүүгө аракет жасадык:

*Араб изилдөөчүлөрүнүн эмгектери.* XX кылымдагы Сауд Араб падышачылыгынын тарыхы боюнча араб изилдөөчүлөрү тарыхый окуяларды чагылдырууга басым жасашып ал окуялардын саясий, укуктук жана социалдык

маңызына терең талдоо жүргүзүшкөн эмес. Көптөгөн авторлордун ичинен Абд аль-Хамид аль-Хатыбдын падыша Абд аль-Азиздин башкаруусуна арналган “Адилеттүү имам” аттуу эмгегин айтсак болот. Автор Сауд династиясынын каршылашы болгондугуна жана Хиджаз либералдык партиясынын негиздөөчүсү экенине карабай тарыхый фактыларды бурмалабай берип мамлекеттин түзүлүшүндөгү Сауддардын таасирин белгилеген.

XX кылымдагы Сауд Араб падышачылыгынын идеологиясы жана коомдук түзүлүшү боюнча эмгектерди Абдулла аль-Жаббар жана Фахд аль-Мариктер жазышкан.

Сауд Араб падышачылыгынын мамлекеттик укуктук системасын араб укук таануучусу Бен Баз илимий эмгегинде кенен ачып берген.

*Иран изилдөөчүлөрүнүн эмгектери.* XX кылымдагы Иран тарыхынын алгачкы элүү жылынын кээ бир жетишсиз изилденген жагдайларын түшүнүү үчүн Б.Агелинин Ирандын саясий сахнасынын көрүнүктүү ишмерлери А.Теймурташ, Носрет од-Дхоле Фируз Мирза жана Ахмед Хан Кавам ос-Салтандардын саясий ишмердүүлүгүн чагылдырган эмгеги өзгөчө баалуу болуп саналат.

Иран коомунун тарыхын изилдөөгө көрүнүктүү салым кошкон атактуу изилдөөчүлөр Рахим Ранения, Эттехадие Мансур, Каве Баят сыяктуу изилдөөчүлөрдү белгилесек болот.

Мохаммед-Али Катузяндын «Азыркы Ирандын саясий экономикасы. Деспотизм жана псевдомодернизм (1926-1979)» аттуу монографиясы зор кызыгууну туудурат. Бул эмгекте ирандык эммигрант окумуштуу Иран ислам республикасынын өнүгүүсүнүн оң жана терс таасирлерин талдоого алган.

*Батыш изилдөөчүлөрүнүн эмгектери.* Батыш окумуштуулардан Давид Р., Коулсон Н., Массэ А., Р. Шарлды белгилесек болот. Бул илимпоздордун изилдөө предмети ислам мамлекеттүүлүгүнүн концепциясы, ислам укуктук доктринасы, исламдын дин катары мамлекеттик түзүлүштөгү орду жана ролу, тарыхый доорлордун ар кандай этаптарындагы ислам мамлекеттериндеги мамлекеттик түзүлүшкө жана бийлик түзүлүшүнө тийгизген таасири экендигин белгилеп кетүүбүз зарыл.

*Орус-Совет илимпоздорунун эмгектери.* Орус окумуштууларынын эмгектеринде исламда диний жана светтик функциялардын ортосунда такталган чектер жокко эсе деген көз караш кеңири тараган. Мындай тартипте мамлекетти түзүү жана башкаруу процессинде диний жана светтик бийликти бөлүп кароого мүмкүн эмес.

Мындай аныктоолор кайсы бир деңгээлде төмөнкү орус тарыхчыларынын, укук таануучуларынын эмгектеринде кездешет: Бартольд В.В., Грязневич П.А., Керимов Г.М., Лукоянов А.К., Пиотровский М.Б., Полонская Л.Р., Прозоров С.М., Сюкияйнен Л.Р., Чиркин В.Е. ж.б. Бул илимпоздордун изилдөө предмети ислам мамлекеттүүлүгүнүн концепциясы, ислам укуктук доктринасы, исламдын дин катары мамлекеттик түзүлүштөгү орду жана ролу, тарыхый доорлордун ар кандай этаптарындагы ислам мамлекеттериндеги мамлекеттик түзүлүшкө жана бийлик түзүлүшүнө тийгизген таасири экендигин да белгилеп кетүүбүз зарыл.

XX кылымдын ичинде Осмон империясы чачырап бир канча мамлекеттер көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин түзүлгөн ислам мамлекеттерин жана алардын мамлекеттик-укуктук системасын өзгөч көрүнүш катары караган изилдөөлөр да бир топ. Калкынын басымдуу бөлүгү ислам динин тутунган дүйнөдөгү түрдүү мамлекеттердин расмий мамлекеттик-укуктук системасы менен

шарияттын универсалдуу нормаларынын өз ара мамилелери Э.А. Петровдун, Х.Х. Хусейндин, Г.Д. Джемалдын эмгектеринде камтылган. Керимов Г.М., Лукоянов А.К., Пиотровский М.Б., Полонской Л.Р., Прозоров С.М., Сюкияйнен Л.Р., Чиркин В.Е., Шарипова Р.М. ж.б. сыяктуу окумуштуулар тарабынан XX кылымдагы ислам мамлекеттеринин мамлекеттик-конституциялык системасы изилдеген.

Бизди өзгөчө Иран Ислам Республикасындагы жана Сауд Арабия Королдугундагы мамлекеттик түзүлүшкө арналган эмгектер кызыктырат. Бул эмгектер ислам мамлеттеринин коңшу мамлекеттердин саясий-экономикалык турмушуна таасирин тийгизген Жакынкы Чыгыштагы регионалдык лидер мамлекеттер катары гана эмес, ислам дининин эки агымдын: шийит жана суннит агымдарынын өкүлдөрү катары караганы өзгөчө көңүл бурдурат.

Ислам революциясынан кийин калыптанган Ирандагы саясий система Ушаков В.А., Лукоянов А.К., Скляров Л.Е., Мамедова Н.М., Санаи М., Федосеенкова А.Н., Дунаева Е.В., Кулагин И.В. сыяктуу окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн предмети болуп саналат. Бул авторлор Ирандагы 1978-79-жылдардагы ислам революциясынын натыйжасында түзүлгөн, өзүнүн маңызы боюнча уникалдуу, коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүнүн модели исламдык нормаларга негизделген саясий система деген пикирди карманышат.

Сауд Аравия Королдугундагы ислам мамлекетинин өнүгүү маселелери Яковлев А., Гафаров Э.Э., Романюк О.В., Мамадиев Б.Б., Гришин О.Е., Васильев А.М., Косач Г.Г. ж.б. эмгектеринде чагылдырылган. Авторлор бул араб өлкөсүнүн мамлекеттик түзүлүшүндөгү белгилүү бир өзгөчөлүктү, анын башкаруу формасы боюнча өлкөдө конституция өкүм сүргөндүгүнө карабастан абсолюттук монархия катары калгандыгын белгилешет жана саясий багытын түзүүдө диний фактор чечүүчү экенине бардык изилдөөчүлөр макул болушат.

*Борбор Азия окумуштууларынын эмгектери.* Борбор Азия өлкөлөрүнүн илимпоздору исламдын коомдук-саясий турмуштагы ордун жана ролун, светтик мамлекет, диний фактордун саясий процесстерге, ошондой эле эл аралык мамилелерге тийгизген таасирин изилдөөдө белгилүү салым кошушкан. Айрыкча Б.Бабаджановдун, З.Джалиловдун, А.Султангалиеванын, С.Ятимовдун, А.Муминовдун, Р.Бобохонов жана башка окумуштуулардын эмгектери көңүл буруууга арзыйт.

Белгилүү чыгыш таануучу Б.Бабаджанов бийликтин динден бөлүнүшү жана постсоветтик мамлекеттердин көбүндө бул көрүнүштүн өзгөчөлүктөрүн, Казакстандык окумуштуу З.Жалилов азыркы Казакстандагы исламдын көйгөйлөрүн, мамлекет менен исламдын өз ара байланышын, негизги тенденцияларын изилдеп, анын коомдук түзүлүштүн башка элементтери менен байланышын белгилешет.

*Кыргызстандык окумуштууларынын эмгектери.* Кыргызстанда ислам жана анын мамлекетке, жалпы эле коомдук мамилелелерге тийгизген таасири боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн Ө.Караев, А.Мокеев, Б.К, Т.А. Абдырахманов, А. Ормушев, Б.К. Абытов, Б.Малтабаров, Н.У. Курбанова, Ч.Ж. Карасартова, К.Т. Алимова, С.Сооданбеков, О. Молдалиев, К. Маликовдун ж.б. эмгектерин белгилесек болот.

Белгилүү тарыхчы, тарых илимдеринин доктору Ө.Караев Караханиддер каганатынын, Чагатай улусунун тарыхы жана исламдын Борбордук Азияга таралышы боюнча изилдөөлөрүндө Борбордук Тянь-Шандын калкынын ислам

динин кабыл алышы Караханид мамлекетинин түзүлүшүнө чоң роль ойногондугун белгилеген.

Тарых илимдеринин доктору, профессор Н.Курбанованын монографиялары өзгөчө мааниге ээ. Анын эмгектери мамлекет-ислам мамилелеринин, диний кырдаалды, диний билим берүүнү, т.а. өлкөнүн жалпы билим берүүчү мектептеринде ислам динин, диндерди окутууну камтыйт.

Тарых илимдеринин доктору Т.А. Абдырахманов мамлекеттин ислам формасы исламдын саясий формасын жана мамлекеттин исламий тиби сыяктуу жыйналган түшүнүктөрдү өзүнө камтып турат деп эсептейт.

Борбордук Азиядагы ислам动 дининде болуп жаткан процесстерге талдоо, азыркы шарттарда исламдын өнүгүү тенденциялары, ар кандай ислам топторунун окууларынын өзгөчөлүктөрү, исламдын радикалдашуусуна жана саясатташып кетишине шарт түзгөн факторлор А. Ормушевдин эмгектеринде изилденген.

Саясий илимдеринин кандидаты О. Молдалиев өз эмгектеринде Борбордук Азиядагы коопсуздук маселесин талдап, диний кыймылдардан чыккан коркунучтардын өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде терроризм жана диний экстремизмди, диний кырдаалды, ошондой эле исламдын саясатташуу процесстерин изилдеген.

Теолог К. Маликов бир катар илимий эмгектеринде ислам мамлекеттик формасын, түзүлүшүн жана ислам дининин саясатташып бараткан шартында Кыргызстандын мусулман коомчулугун өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелерин караган.

**“Изилденүүчү маселенин теориялык-методологиялык негиздери”** аталган экинчи бап төрт бөлүмдөн турат. **“Изилдөөнүн объектиси жана предмети”** деп аталган биринчи бөлүмү изилдөөнүн объектисине, предметине, исламдагы мамлекеттүүлүк маселелери, ислам мамлекеттүүлүгүнүн XX кылымдагы эволюциялык багыттары жана формаларын талдоого арналды.

**Изилдөөнүн объектиси** ислам мамлекеттүүлүгү Иран, Сауд Араб жана Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгү.

**Изилдөөнүн предмети** катары Иран, Сауд Араб жана Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндө ислам мамлекеттүүлүгүнүн XX кылымдагы калыптанышы, өзгөчөлүгү жана өнүгүүсү каралат. Изилдөөнүн предметинин мүнөзүнө байланыштуу XX кылымдагы ислам мамлекеттеринин өнүгүү жана калыптануу этаптары хронологиялык тартипте каралды.

**“Изилдөөнүн методологиясы жана методдору”** бөлүмү изилдөөнүн методологиялык ыкмаларына арналды. Изилдөөнүн методологиялык базасы историзм, объективдүүлүк, тарыхый булактарга таянуу жана изилдөөнүн комплекстүүлүгү принциптерине негизделген.

XX-кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын талдоодо биз тарыхый жагдайлардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуялардын хронологиялык ырааттуулугуна таяндык. Историзм методу ислам мамлекеттүүлүгүн логикалык жана объективдүү изилдөөгө гана эмес, XX-кылымдагы негизги ислам мамлекеттериндеги институттардын эволюциясындагы белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого да салым кошту.

Булак таануучулук талдоо өзөктүү ыкмалардын катарында. Анткени ал, колдонулган булактарды терең, ар тараптуу сыпаттоого, талдоого алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Колдонулган булактарды талдабай, сын пикир билдирбей коюу маалыматтардын

бузулушуна же бурмаланышына, жасалмалуулукка, илимий эмгектердин маанисинин төмөндөп кетишине алып келет.

Изилдөөнүн тарыхый-укуктук ыкмалары ар кандай тарыхый этаптарда ислам мамлекеттеринин мамлекеттик формаларын, саясий режимин, адам укуктарын жана эркиндиктерин аныктоочу укуктук нормаларды талдоодо колдонулду.

Системалык ыкманы колдонуу менен, биздин изилдөөбүздө биз иликтеп жаткан ар кандай проблеманы топторго жана майда топтордон турган белгилүү бир сандагы компоненттердин жыйындысы катары түшүнөбүз. XX-кылымдагы ислам мамлектиндеги бийликтин түзүмүн, курамын кароодо алардын өткөн учурлардагы ислам мамлекеттерин менен байланыштарын жана өзгөрүүлөрүн байкоого болот.

Дисциплиналар аралык ыкма изилдөөбүздүн предметин тарыхый илимдердин алкагында гана эмес, башка илимий тармактар үчүн салттуу ыкмаларды колдонуу менен да кароого мүмкүндүк берет. Изилдөөбүздө предметти жана объектти бир гана тарыхый көз караштан эмес, башка дагы мисалы, мамлекет жана укук теориясы, дин таануу, саясат таануу, философия, социология ж.б. илимий дисциплиналар менен дагы тыгыз байланышта карайбыз.

Тарыхый-салыштырмалуулук ыкма – элдин материалдык маданиятын салыштырып, маданияттагы жалпылыктарын, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын таап, ошондой эле окшоштуктарынын же айырмачылыктарынын себептерин аныктоочу негизги изилдөө ыкмасы. Изилдөөдө тарыхый-салыштырмалуулук ыкманын жардамы менен түрдүү мусулман өлкөлөрүнүн мисалында ислам мамлекеттүүлүгүнүн формалары жана маанилүү мүнөздөмөлөрү кандай өзгөргөндүгүн байкоого мүмкүн болду.

Тарыхый-генетикалык ыкманы колдонуу XX-кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн негизги этаптарын изилдөөгө жана аныктоого мүмкүндүк берди.

Ретроспективдүү ыкма. Тарыхый-генетикалык ыкмадан айырмасы азыркы мезгилдеги ислам мамлекетиндеги эрежелерди баштапкы араб халифатындагы эрежелерге салыштырып, жалпылап талдоо аркылуу бир бүтүмгө келүүгө мүмкүндүк берет.

Түзүмдүк ыкма (структурализм) ислам мамлекетүүлүгүнүн келип чыгышы, пайда болушу себептерин түшүндүрүп берүүгө жардам берди. Алсак, халифаттагы башкаруучунун сыйынуудагы (намаз убагындагы имамчылык) имамдык кылуусу мамлекет башкаруудагы статусун түшүндүрүп берүүдө түзүмдүк ыкма колдонулду.

Статистикалык ыкма XX-кылымдагы ислам мамлекеттеринин санын аныктоого, ошондой эле ар кандай тарыхый этаптардагы ошол аймактардагы мусулман коомчулугунун түзүлүшүнң талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берди.

Ивент-анализ ар кандай саясий окуялардын ортосундагы байланышты аныктоого мүмкүндүк берип, бул ыкманын аркасында тигил же бул саясий окуялар ислам мамлекеттүүлүгүнүн эволюция процесстерине кандай таасир эткендигин аныктоого мүмкүн болду.

Булардан башка дагы ыкмалар белгилүү жана алар түрдүү эмгектерде колдонулуп келет. Биздин изилдөөлөрүбүздө жогорку ыкмалардын колдонулушу натыйжалуу жыйынтыктарды бергендигин белгилейбиз.

**“Ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык аспектилери“** аттуу үчүнчү бөлүмүндө мамлекетүүлүк түшүнүгүн салттуу илимий көз караш менен исламдагы мамлекет жөнүндөгү концепциялардын айырмачылыгы жана окшоштугу талданды. Ислам дини негизги юридикалык түшүнүктөрдөн болгон

«мамлекет» феноменин Батыш илиминен башкача түшүнөт. Исламда дин менен мамлекеттин ортосундагы байланышты өтө тыгыз карагандыгы менен Батыш цивилизациясынан айырмаланат. Ислам мамлекетинин мамлекет жөнүндөгү негизги концепциясы Батыштын салттуу түшүнүгүнөн олуттуу айырмаланса да, евро-америкалык маданияттын ислам өлкөлөрүнүн конституциялык укугуна тийгизген таасирин байкабай коюу мүмкүн эмес. Азыркы ислам өлкөлөрүнүн көбү өздөрүнүн конституцияларын кабыл алышкан жана белгилүү бир деңгээлде бийликти бөлүштүрүү механизмдери киргизилгендигин байкоого болот. Буга карабастан, исламдын дин катары ислам укуктук системасына тийгизген таасири реалдуу жана өтө маанилүү бойдон кала берээрин белгилейбиз.

Теориялардын ар түрдүүлүгүнө карабастан, алардын баары бир нерседе окшош экенин түшүнүү керек. Биринчи ислам мамлекети болгон Медина мамлекетинин мисалын алсак, анда ар кандай мүнөздөгү адамдардын, анын ичинде саясий мамилелерди уюштуруунун идеалдуу үлгүсүн көрөбүз. Мединадагы мусулман коому өзүнүн уюштуруучулук мүнөзү боюнча калкынын көпчүлүгү дыйканчылык менен алектенген, ошондой эле өз аймактарын коргоо үчүн биргелешкен аракеттер менен аскер бөлүктөрүн күчтөндүргөн жамаатты элестетет.

Исламдагы мамлекеттүүлүк концепциясынын калыптанышы менен биринчи Ислам мамлекетинин пайда болушу бир учурда болбогондугун, халифат бир топ эртерээк болгонун баса белгилей кетүү керек.

Исламдын пайда болушу конфессиялык доктринадагы борбордук фигура болгон Мухаммед пайгамбардын ишмерүүлүгү менен тыгыз байланышат. Ислам дининде пайгамбарга Алла Таала тандап алган ар кандай мүнөздөгү жана формадагы (диний, мыйзам чыгаруучу, соттук ж.б.) бийликти алып жүрүүчү статусу берилген. VII кылымдын 20-30 жылдары Мадинанын аймагында Ислам үммөттүгүн калыптандыруу процесси башталып, анын натыйжасында 622-жылы Мадинанын Уставы же Конституциясы кабыл алынган. Бул келишим жаңыдан түптөлүп жаткан ислам мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнүн жана жашоосунун негизги принциптерин бекиткен биринчи мыйзам чыгаруу актысы болуп эсептелинет. Бул документтин жоболору Мухаммед пайгамбарды үммөттүн диний башчысы жана саясий лидери деп жарыялаган, бирок ал салттуу европалык мааниде өкүмдар болгон эмес, б.а. аны падышалык же императордук титулга ээ болгон башкаруучуларга салыштыруу туура эмес. Пайгамбар мамлекет башчысы болгон эмес, ал колуна саясий, диний, сот бийликтерин топтобой диний лидердин ролун аткаргандыктан анын башкаруу системасындагы ролун классикалык мааниде жогорку башкаруучу менен салыштырууга болбойт. Мадинанын келишиминин кабыл алынышы уруулук түзүлүштөн толук ажырап, үммөткө берилгендик орнотулган. Ошол эле учурда бул жерде Мадинанын бардык тургундары ислам динин карманышкан эмес, бутпарастар жана жөөттөр да жашап турушкан жана алар дагы уруулук теги жана карманган динине карабай шаардын бардык тургундары сыяктуу эле бирдей укуктарга ээ болгондугун белгилөө керек.

632-жылы Мухаммед пайгамбар коомго үммөттүн башчысы кызматына мураскор дайындаган эмес. Мухаммедден кийинки үммөттүн биринчи башчысы халиф Абу Бакр болгон, ал 634-жылга чейин бул кызматта аркалап, анын ордуна бийликти кийинки 10 жыл жүргүзгөн халиф Умар келген. Кийинки мураскер халиф Осмон, акыркы төртүнчү халифа 656-661-жылдары Мединаны башкарган Али болду.

Төрт адил халифтин башкаруусунан кийинки мамлекеттик бийликтин структурасында чоң өзгөрүүлөр болду: бийликке келген Омайя уруусунан чыккан Муавия ибн Абу Суфян мураска негизделген монархияны орноткон.

Ислам мамлекеттүүлүгүнүн теориясын башкача айтканда бийликти уюштуруу жолдорун сунуштаган биринчи ойчул Абу-л-Хасан Али ибн Мухаммад аль-Маварди болду. Анын «Бийлик нормалары жана дин иштерин башкаруу» аттуу эмгеги учурда канондук деп таанылып ислам мамлекеттүүлүгүнүн классикалык окуусун чагылдырат.

Халифаттын жогорудагы келтирилген формасы Ибн Халдун тарабынан өнүктүрүлгөн. Ал өзүнүн «Мукаддима» аттуу эмгегинде халифат адамдардын бийликке байланыштуу асмандагы жана жердеги иштеринде шариятка ылайык башчылык кылуу экенин, анткени Алланын алдында жердеги бардык нерселер тиги дүйнөнүн кызыкчылыгында жүргүзүлөт деп жазган.

Орто кылымдарда ислам менен мамлекеттин ажырагыс идеясы жаңы өнүгүүгө ээ болуп, белгилүү теолог Ими аль-Газали исламдагы биринчи кезекте мамлекеттик башкаруунун жана калкты баш ийүүдирүүнү камсыз кылуунун куралын көргөн. Мамлекет башчы дин аркылуу элге таасир этиши керек. Диний өкүлдөр мамлекеттик кызматкерлер менен карапайым элдин ортосунда ортомчу болуп берүүсү керек б.а “Дин менен мамлекет эгиз, дин негиз, аны өкүмдар коргойт. Мамлекет жашоодогу тартипти сактоо үчүн керек, ал эми жашоодогу тартип динде тартипти камсыздоо үчүн керек”.

Орто кылымдарда Осмон империясы халифат болуу миссиясын өзүнө алды. Узака созулган күрөштөн жеңилген араб башкаруучулары халифатка болгон дооматтарынан баш тартууга аргасыз болушкан, натыйжада Осмон султаны халиф наамын алган. Мындан тышкары XVI кылымда араб өлкөлөрүнүн көбү империянын курамына кирип, султандын жогорку бийлигин тааныган. Бул тарыхый өзгөрүү көрүнүктүү орус чыгыш таануучусу В.В.Бартольддун эмгегинде кеңири чагылдырылган. Осмон империясы султанат болгон жана жогорку бийлик түрк салттарына жана ислам идеологиясына негизделген. Диний негизде болгондуктан расмий түрдө бардык мусулмандарды бириктирген түзүлүш катары Осмон халифаты XX кылымдын башына чейин сакталып калган. Биринчи дүйнөлүк согуштун аягында Осмон империясы кулагандан кийин, ал таза декоративдик институтка айланып, 1924-жылдын мартында расмий түрдө жоюлгандан кийин халифат саясий түзүлүш катары жашоосун токтотту.

Халифаттын кайра жаралышынын пайдасына эң олуттуу теориялык жана диний аргументтерди 1922-жылы «Халифат же Улуу Имамат» деген атактуу трактатын жазган Мохаммед Рашид Рида (1865–1935) келтирген. Рашид Рида өзүнүн китебинде алысты көрө албаган башкаруучуларга жагуу үчүн киргизилген бурмалоосуз «чыныгы» халифат концепциясын калыбына келтирүүгө жана ошонун негизинде анын башкаруунун башка түрлөрүнөн артыкчылыгын далилдөөгө, ага каршы турууга аракеттенген.

Көрүнүктүү ислам укук таануучусу Али Абд ар-Разик «Ислам жана бийликтин негиздери» аттуу эмгегинде ислам дини ислам мамлекети катары халифат түзүүнү караштырбайт деген көз карашты билдирип, секуляризм түшүнүгүн киргизген. Окумуштуу ислам мамлекеттүүлүгү алгач диний эмес, светтик болгон деген тезиске таянып, мусулман мамлекеттеринде светтик башкаруу формасын орнотууну жактап чыккан. Ал жалпы кабыл алынган «халифаттын милдетүүлүгү» теориясына каршы чыгып гана тим болбостон, XX кылымда колониялык империялардын кулашы жана

калктын көпчүлүгү ислам динин тутунган көп сандаган мамлекеттердин пайда болуусу менен мамлекеттин исламдык түзүлүшүнүн кайра жаралуу тенденциясы байкалган. Бул мамлекеттердин алдында өнүгүү жолун тандоо милдети коюлуп жана анын чечилиши мурдатан түзүлгөн башкаруу режимдеринен баш тартып жаңы мамлекеттик формаларга өтүүдө турган. XX кылымдагы бүткүл ислам дүйнөсүнө мүнөздүү болгон кайра жаралуу тенденцияларына карабастан, тарыхый өнүгүүнүн бул этабында ислам мамлекеттүүлүгүнүн концепциясы да ар кандай мүнөздө бойдон калганын түшүнүү керек. Мусулмандар калкынын басымдуу бөлүгүн түзгөн ар кандай өлкөлөр ар кандай ыкмаларды кабыл алышкан: динди мамлекеттен бөлүп, өнүгүүнүн светтик жолуна өтүүнү жактаган секуляризмдин тарапкерлери, анын каршылаштары, б.а. ислам мамлекеттүүлүгүн куруу теократиялык тартиптин негизинде ишке ашырышкандар да болду.

**Изилдөөнүн тарыхый булактары аттуу бөлүмдө** ислам мамлекеттүүлүгү боюнча концепциялардын негизги булактарынын өзгөчөлүгү каралды. Ислам мыйзамдарынын негизги булактары ислам дининин негизги булактары болуп саналат. Бул булактарды төмөнкүдөй топторго бөлсөк болот. Диний булактар; мыйзам булактары; ар кайсы тилдерде басылып чыккан тарыхы-илимий булактар.

*Диний булактар*. Бул Куран жана Сүннөт.

Куран – диний, кылмыш, жарандык жана мамлекеттик укук маселелерин камтыган моралдык-укуктук кодекс катары кабыл алынган исламдын ыйык китеби.

Сүннөт – ислам укугунун экинчи юридикалык булагы болуп саналат жана Куранда кандайдыр бир окуя боюнча маалымат жок болгон учурларда колдонулат.

*Мыйзам булактары.* Диний-укуктук булактар ислам мамлекетүүлүгүнүн негизги курулушун ачууга жардам берсе XX кылымдагы ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхын изилдөөдө негизги тарыхый-укуктук булак катары ислам мамлекеттеринин башкы мыйзамдары-конституциялары жана декларациялары болду.

*Ар кайсы тилдерде басылып чыккан тарыхы-илимий булактар.*

**1. Араб аалымдарынын эмгектери.** Алгачкы Ислам мамлекети жана анын пайда болушу тууралуу алгачкы маалыматтар VIII-IX кылымдардагы Ибн Исхак (704–767- жж. «Пайгамбардын өмүр баяны» (ас-Сира ан-Набавия) жана аль-Вакиди (747–823-жж. (Китаб ат-Тарих ва аль-Магази) «Тарых жана жортуулдар китеби») сыяктуу араб тарыхчыларынын эмгектеринде кезиктиребиз. Бул жазууларда ошол мезгилдеги коомдун түзүлүшү, Мухаммад пайгамбар жана анын башкаруусу жөнүндө баяндалат.

Аль-Балазуринин "Футух аль-булдан" ("Өлкөлөрдү басып алуу") эмгеги араб аскерлеринин коңшу мамлекеттерге болгон жортуулдары жана алгачкы халифаттын социалдык-экономикалык маселелери боюнча олуттуу булактардын бири болуп саналат.

Тарыхчы ат-Табаринин «Пайгамбарлар жана падышалар тарыхын» өзгөчө белгилесек болот. X кылымдын экинчи жарымынан тартып ислам мамлекетиндеги саясий, коомдук, экономикалык ж.б. процесстерди чагылдырган жана анын тарыхын жазгандар негизинен ордо тарыхчылары, чиновниктери жана вазирлери болушкан.

Соңку орто кылымдардагы ислам мамлекеттеринин тарыхын чагылдыруудагы көрүнүктүү эмгектердин автору, араб тарыхчысы Ибн Халдунду белгилейбиз. Ал тарыхый окуяларды, алардын келип чыгуу себептеринин байланышын аныктоого негизделген коомдун өнүгүшүнүн оригиналдуу тарыхый-философиялык теориясын

сунуштаган эмгектерди жазган. Ибн Халдун «Насаат мисалдар китеби...» («Китаб аль-ибар...») аттуу эмгегинде коомдун өнүгүшү жөнүндөгү окууну киргизүү менен бирге чыгыш элдеринин, айрыкча Магриб аймагынын элдеринин окуяларга бай тарыхын кеңири баяндап берүүсү менен эмгегин баалуу тарыхый булакка айланткан.

**2. Түрк тарыхчыларынын эмгектери.** Тарыхта ислам өлкөлөрү бири-биринен социалдык-экономикалык жана саясий өзгөчөлүктөрү боюнча да, алардын мамлекеттик-укуктук өнүгүүсүнө ислам укугунун таасири жана багыты боюнча да айырмаланат.Осмон империясынын тарыхын, коомдук процесстерин, мамлекеттик түзүлүшүн жана жалпы ислам тарыхын баяндаган Казы Хусейн Диярбекиринин үч бөлүмдөн жана тиркемеден турган эмгеги араб тилинде жазылган. Тиркемеде төрт "адилет" халифалар, Омейяддар, Аббасиддер жана Осмон султандары т.а. Мурат IIIнүн башкаруусуна чейинки окуялар камтылган.

Түрк булактарынын ичинен расмий хроникалардын мааниси чоң экендигин жана Осмон империясынын тарыхын, мамлекеттик башкаруу формасын, түзүлүшүн жана өлкөдөгү саясий кырдаалды, эл аралык байланыштарын изилдөөдө негизги материал катары кызмат кылаарын белгилеп кеткибиз келет. Андай булактардын бири катары Мехмед Рашиддин “Тарых” аттуу эмгегин айтсак болот. Анын «Тарыхында» 1660-жылдан 1722-жылга чейинки окуялар хронологиялык тартипте сүрөттөлгөн.

Рашиддин салтын уланткан ордо тарых таануучулары Исмаил Асым жана Мустафа Самилердин тарыхнамалары негизинен султандын ордосундагы саясий, күнүмдүк ишмердүүлүктөр, султандын саякаттарын, султан жана везир менен болгон кабыл алууларын, монархтын үй-бүлөсүндө болгон ар кандай окуяларды, ошондой эле жогорку мамлекеттик кызматкерлерди кызматтан кетирүү жана дайындоо процесстери жана айрым чет өлкөлөр менен болгон саясий окуялар, мамилелер чагылдырылган.

Белгилүү түрк тарыхчысы Ахмед Рефик (Алтынай) Осмон халифатына арналган бир нече монографияларында («Жоогазын доору», «Тарыхый портреттер», «Фатма Султан») XVIII-кылымдын башындагы дипломатиялык тарых, мамлекеттик ишмерлердин мүнөздөрү камтылып, ошол доордун табити, үрп-адаттары, коомдук түзүлүшү жөнүндө кенен маалымат калтырган. XVII-XVIII кылымдардын башындагы империянын жалпы абалын мүнөздөгөн булактарга В.Л.Райттын “Принстон Чыгыш тексттери сериясында”, Сара Мехмед Пашанын насиханаме стилинде жазылган саясий трактатын, Х. Иналджиктин (англис тилинде) "Осмон империясы. Классикалык доор. 1300-1600" китебин белгилесек болот.

«Европалаштырууну» изилдөөдөгү маанилүү маалыматтарды камтыган эмгектер катары Э.З.Караланын «Танзимат» жыйнагын, Н.Беркестин «Түркияда секуляризмдин өнүгүшү» аттуу монографиясын белгилесек болот.

**3. Батыш окумуштууларынын эмгектери.** XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын изилдөөдө батыш окумуштууларынын эмгектери да маанилүү орунда экенин белгилеп кетишибиз керек. Айрымдарына, айрыкча XX кылымдагы ислам мамлекеттериндеги тарыхый окуяларды таасын талдаган эмгектерге кайрылып кетсек. Батыш тарыхчыларынын эмгектеринин ичинен азыркы түрк мамлекетинин калыптануу процесси боюнча эң чоң илимий эмгек англиялык окумуштуу Б.Льюиске таандык («Азыркы Түркиянын пайда болушу» ). Ал өз эмгегинде «европалаштырууга» болгон алгачкы аракеттер 18-кылымда эле

башталганын белгилейт. Дагы бир батыш изилдөөчүсү, америкалык тарыхчы Мэри Шей "Осман империясы 1720-жылдан 1734-жылга чейин Венециандык Байлинин отчеттору боюнча" аттуу китебинде да Осмон империясы боюнча баалуу маалыматтарды камтыган.

Англис чыгыш таануучулары Г.А.Р.Гибба менен Г.Боуэндин «Ислам коому жана Батыш» китеби халифаттын башкаруу аппараты, султандык, дыйкандардын жана шаарлардын абалы, салык системасы, диний түзүлүш, билим берүү сыяктуу маанилүү тармактарын кеңири чагылдырган. 1846-жылы Г.Вайлдин «Халифтердин тарыхынын» үч томдугунун биринчиси, 1847–1848-ж. — А.П.Коссен де Персевалдын уч томдук «Арабдардын тарыхынын очерки», 1854-жылы — Л.Седильонун «Арабдар тарыхы» чыккан. Бул китептердин баары ошол кездеги илимдин талабына ылайык, орто кылымдагы араб тарыхый жазмаларынан алынган маалыматтарды кайра иштетилген жана анализденген маалыматтардын топтому болгон. Булардан айырмаланып 1851-жылы чыккан А.Шпренгердин эмгеги булактарга анализ кылуусу жана исламдын негиздөөчүсүнүн ишмердүүлүгүнө объективдүү, калыс көз караштa кароосу менен айырмаланган.

**"XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн эволюциясы" деп** аталган үчүнчү бап, үч бөлүмдөн түзүлүп **"Ислам мамлекеттүүлүгүнүн көп түрдүүлүгү"** биринчи бөлүмүндө ислам мамлекеттүүлүгүнүн формаларынын көп түрдүүлүгүнө талдоо жүргүзүлдү.

Азыркы этапта ислам мамлекеттеринин мамлекеттик – укуктук системасы эл аралык мейкиндиктин тез өнүгүү процессинен улам келип чыккан жаңы чакырыктарга, маселелерге жана көйгөйлөргө туш болууда. Албетте, мындай чакырыктарга бардык мамлекеттердин бийлиги жооп берүүгө даяр болуусу керек болгондой эле ислам мамлекеттери да бул багыттагы ишмердүүлүгүн учурдун талаптарына ылайык алып баруусу зарыл. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, исламдын мамлекетүүлүк боюнча диний окуулары эки негизги багытты камтыйт: шиизм жана суннизм.

Шииттердин бийлик теориясы имамдык окуусуна негизделген, классикалык мааниде биринчи имам Мухаммед пайгамбар болгон, ал өлгөндөн кийин имамдын ыйгарым укуктары халифтерг өткөн. Шийиттердин концепциясында халиф диний жана светтик ыйгарым укуктарга ээ болгон мамлекет башчысы болуп эсептелет. Имаматтын негизи – мусулман жамаатка негизделген мамлекеттин жогорку жетекчилиги. Бул теорияны иштеп чыгуу менен шийит теологдору  имам бир гана Аллага таандык болгон жашыруун пайгамбарлык илимди мураскери болгондуктан жана бул дүйнө жашоосунда Кудайдын жалгыз мыйзамдуу өкүлү болуп эсептелгендиктен жогорку бийлик Алинин үй-бүлөсүнүн колунда топтолушу керек деген тыянакка чыгарышат.

Сунниттердин укуктук доктринасы шииттерден айырмаланып, дүйнө жашоосундагы жогорку бийлик жалгыз башкаруучуга эмес, бүткүл мусулман коомуна таандык, халиф бул учурда элчинин орун басарынын ролун аткарат деген көз караштı карманышат. Үммөт өз бийлигин бир, атүгүл эң ыймандуу делген мүчөсүнө өткөрүп берүүгө укугу жок, бирок ага жамаатты башкаруу ыйгарым укугун бере алат. Халифтин бийлиги анын үммөт алдындагы жоопкерчилигине негизделип, ал дин өкүлдөр, ислам укугу жаатындагы адистер менен үзгүлтүксүз кеңешип туруу аркылуу ишке ашып турат. Мындан сунниттердин мамлекеттүүлүк концепциясындагы негизги орун Куранда бекемделген шура принцибине маанилүү орун берилгендигин аныктасак болот. Ага ылайык, халифанын алдында мамлекет

башчысына айрым маселелер боюнча кеңеш берүү укугу бар консультативдик кеңеш иштеши керек. Жаңы укуктук нормаларды кабыл алууда мамлекет башчысы муджтахиддердин (шарият боюнча эксперттердин) пикирлерине таянышы керек.

XX кылымдагы ислам мамлекеттеринин укуктук системалары укуктун дуализми менен мүнөздөлөт. Бул өзгөчөлүк мазмуну жана мүнөзү боюнча бири-биринен айырмаланган түрдүү укук нормаларынын бир убакта колдонулушунда.

Укуктук системаларынын дуализми ислам мамлекеттеринин тынымсыз өзгөрүп, өнүгүп жаткан экономикалык, социалдык жана саясий чөйрөгө ыңгайлашуусуна мүмкүндүк берет. Ислам мамлекеттеринин заманбап укуктук системаларынын эки тараптуулугу бир катар карама-каршылыктарды шарттайт. Бир жагынан ислам шариаты өзгөрүүгө жатпаган система, экинчи жагынан анын көптөгөн мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин кээ бир учурларда, шарттарда ийкемдүүлүгүнөн байкасак болот. Маселен, көпчүлүк ислам өлкөлөрүнүн мыйзам системасындагы ар кандай келишимдер, жоболор учурдагы коомдун муктаждыктарына ылайык мыйзамдарды толуктап, жаңылай алат.

Азыркы ислам мамлекеттеринин укуктук системаларындагы салттуу жана прогрессивдүү укуктардын өз ара байланышынын контекстинде дагы бир кызыктуу мыйзам ченемдүүлүк бар. Ислам укугунун иштөө деңгээли ко омдун өнүгүүсүнүн маданий, социалдык жана саясий деңгээлине түздөн-түз таасир этээрин байкоого болот. Буга Иранды мисал кылып көрсөтсө болот. Революциялык окуялардан кийин исламдашуу тандалып алынган өлкөдө, адамдардын жеке жашоосуна да таасирин тийгизгенин жеке жарандык эркиндиктин деңгээлин бир нече кылым мурунку абалга кайра кайтарып, адамдардын билим деңгээлинин жалпы көрсөткүчтөрүн түшүргөн.

XX кылымда бир топ мусулман мамлекеттери көз карандысыздыкка ээ болушуп мурдагы империялардын курамынан чыгышты жана мындай өлкөлөрдө расмий бийлик системасын түзүү менен мамлекеттик башкаруу формасын, мамлекеттик түзүлүштү, саясий режимди аныктоо процесстери башталган. Андыктан мусулмандар басымдуу бөлүгүн түзгөн бардык мамлекеттерде бийлик системасынын уюштурулушу бирдей жүрдү десек жаңылышкан болобуз жана исламдын жана анын мамлекеттүүлүк боюнча концепцияларынын ролу ар кайсы өлкөлөрдүн саясий турмушунда ар кандай деңгээлде болгондугун айта кетүү керек.

Ислам мамлекеттериндеги жана мусулман коомчулугу көпчүлүктү түзгөн калк жашаган мамлекеттердеги мамлекеттик түзүлүштүн негизги тенденцияларын талдоо менен ислам фактору бул аймактардын мамлекеттик түзүлүш системасындагы тийгизен таасири динамикалуу экендигин жана ал саясий турмушта дээрлик чечүүчү ролду ойнойт деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда бул өлкөлөрдөнү олуттуу көп түрдүүлүгүн байкайбыз, ал ар бир мамлекет өзүнүн социалдык-экономикалык жана саясий потенциалы менен мүнөздөлөт. Саясий өнүгүүсү, мамлекеттин тарыхы, географиялык жайгашуусу, көпчүлүк карманган диний багыты (шийит же суннит варианты), мамлекеттеги саясий күчтөрдүн жана дин кызматкерлеринин абалы менен да аныкталат. Бирок баарына тиешелүү болгон окшоштуктарды, ислам мамлекеттүүлүгүнүн бардык формалары, кайсы мамлекетте кабыл алынганына жана иштешине карабастан, алардагы диний лидердин болушунан, сот адилеттигинин негизи катары шарият нормаларын тандоону камтышынан жана мамлекеттин биринчи адамынын алдындагы кеңеш берүүчү органдын иштешинен көрө алабыз. Мындай мамлекеттик түзүлүштөрдүн жашоого жөндөмдүүлүгү жөнүндө бир беткей

жыйынтык чыгаруу туура эмес болуп калаарын бул аймактарда калкынын көбү ислам динин карманган мамлекеттердин саны барган сайын көбөйүп, чыныгы ислам мамлекетинин теориясына кайрылып, аны иш жүзүнө ашырууга аракет кылып жатышкандыгы менен түшүндүрсөк болот.

**“Иран Ислам Республикасынын мисалында шийит мамлекеттүүлүгү, Имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясы”** экинчи бөлүмүндө Иран Ислам Республикасынын түптөлүшү жана өнүгүүсү талданган.

XX кылымдын 60-жылдардын башында Иранда аятолла Хомейни жетектеген уламалар кеңешинин негизинде оппозиция түзүлүп, үгүт иштерине активдүү катыша башташкан. 1961-жылы Кум шаарында Исламды жана анын ыйык китеби – Куранды жайылтуу жана коргоо, өлкө боюнча үгүттөөчү кадрларды даярдоо жана аларды коргоо боюнча жоопкерчилик алган уюм катары Кум Мугалимдер коомунун дин таануу борбору (МК ДТМ) түзүлдү. Коом тарабынан биринчи кадамдар 1963-жылы жасалган. Анда шах Пехлевинин модернизация курсуна каршы бир катар нааразылык акциялары уюштурулуп, анын натыйжасында оппозиция өкүлдөрү өкмөттүк аскерлер менен кагылышууга барышкан. 1963-жылы Хомейни камакка алынып, 8 айдан кийин бошотулган соң ал кайрадан оппозициялык ишмердүүлүгүн улантканына байланыштуу 1964-жылы камакка алынып, өлкөдөн чыгарылган. Сүргүндөгү Хомейни өзүнүн оппозициялык ишмердүүлүгүн улантып, ислам республикасын куруу үчүн зарыл болгон мамлекеттүүлүктүн негизги принциптерин белгилеген “Ислам мамлекети” китебин жазган. Бул эмгек имамдын сүйлөгөн сөздөрүнүн аудиожазуусу менен бирге Иранга жашыруун жол менен алынып келинип, карапайым калкка таратылып турган. 1978-79 жж. бир катар саясий тирешүүлөрдөн кийин элдин колдоосуна ээ болгон Хомейни бийликке келип өзүнүн идеаларын ишке ашыра баштаган. Иран вариантындагы ислам мамлекеттүүлүгү теократия менен республиканизмдин элементтери чырмалышкан система болгону менен теократиялык диний курам кыйла үстөмдүк кылат. Анын далили катары саясий системадагы бийликтин ичиндеги чечимдерди кабыл алуу механизмдеринде мамлекеттик органдар менен гана чектелбегендигин алсак болот. Бул процесстерде төмөнкү диний бирикмелер маанилүү роль ойнойт: Кум жана Мешхед диний борборлорунун улуу аятоллалары, дин өкүлдөрүнүн диний-саясий коомдору (ОБВ жана ОПКРТС), руханий лидердин кеңсеси, КСИРдин жетекчилиги, Жогорку Маданий революция кеңеши, Улуттук коопсуздук боюнча жогорку кеңеш, Жума имамдар кеңеши, Ислам пропагандасы уюму. Булардын бардыгы тигил же бул даражада күн тартибинин актуалдуу саясий, экономикалык ж.б. маселелер боюнча чечимдерди иштеп чыгууга жана кабыл алууга катышышат. Ошол эле учурда акыркы чечимди кабыл алуу укугу мамлекеттин биринчи адамы катары руханий лидерге ыйгарылган.

Өткөн кылымдын 90-жылдарында ислам мамлекеттүүлүгүнүн ирандык версиясынын өнүгүүсүндө жаңы этапты белгилеген процесстер башталган. Ал Иран-Ирак согушу аяктагандан кийин А.А. Хашеми Рафсанжани Ирандын президенттигине келүүсү менен тыгыз байланыштуу. Анын саясий курсунун өзөгүн максатка ылайыктуулук принциби түзгөн б.а. ал идеологиялык ченемдерден мамлекеттик кызыкчылыктын үстөмдүгүнүн приоритети башкы багыт катары караган. Бул саясий ишмер согуштан кийинки жылдардагы кризистен чыгууга багытталган саясий жана экономикалык реформаларды ишке ашыруу программасын сунуштап, анын алкагында Иранга чет элдик инвестицияларды жана

алдыңкы технологияларды тартуу үчүн эл аралык диалогду өнүктүрүү зарылчылыгы аныкталган.

1979-жылдагы ислам революциясынын негизги мурасы – азыркы учурда өлкөнүн жетекчилигине түздөн-түз таасирин тийгизген ирандык диниятчылардын ишмердүүлүгү. Идеологиялык нормаларды иштеп чыгуу жана колдонуу консервативдүү ой жүгүртүүлөргө олуттуу ыктоо менен ылдам жана белгилүү жол менен баратат. Негизги төмөнкүдөй тыянактарды чыгарсак болот: Ирандын башкаруучу саясий элитасы да, коомдун көпчүлүк бөлүгү да 1979-жылдагы Ислам революциясынын идеаларына берилген бойдон калууда, оппозиция улам бийликке келген консерваторлорго каршы бирдиктүү аракет кыла алган эмес.

**"Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин сунниттик варианты"** үчүнчү параграфында ХХ кылымдагы Сауд королдугунун тарыхы талданды.

Араб жарым аралындагы эң чоң өлкө болгон Сауд Аравиясы жер жүзүндөгү акыркы абсолюттук монархиялардын бири. Мамлекет азыркы Сауд Арабиянын негиздөөчүсү, 1932-жылы консервативдүү араб теологу Мухаммад ибн аль-Ваххаб менен альянс аркылуу Араб жарым аралындагы кландарды бириктирген бедуин лидери Абдул-Азиз ибн Абдуррахман ибн Файсал Аль Сауддун атынан аталган. Саудиядагы саясий система 1400 жыл мурун Мухаммед пайгамбар тарабынан түзүлгөн ислам башкаруу системасына негизделген. Мамлекеттик аппарат 1950-жылга чейин үч гана министрликтен турган: тышкы иштер, коргоо жана финансы. Анын үстүнө бул министрликтерди вакиллер (монархтын дайындаган өкүлү), б.а. ыйгарым укуктуу министрлер эмес, падыша тарабынан белгилүү бир функцияларды аткаруу тапшырылган адамдар башкарган. Ибн Сауддун башкаруусу башынан эле ваххабийлик доктринанын унитардык концепциясына таянуу менен уруулук түзүлүштү мамлекетте институтташтыруу аракети байкалган.

1953-жылы Сауд Аравиясынын тарыхында биринчи жолу Хижаздын мурдагы губернатору, мураскор принц Эмир Фейсал башында турган Министрлер Кеңешин түзүү жөнүндө жарлык чыккан. Министрлер Советине кеңеш берүүчү органдын функциялары гана берилген, аткаруу бийлигинин мүнөзүнө ылайык өз алдынча ыйгарым укуктарга ээ болгон эмес, жалпысынан анын укуктук статусу так эмес болчу.

1953-1964-жылдары башкарган король Сауд Ибн Абдулазиздин тушунда атасы түзгөн мамлекеттик башкаруунун салттуу иерархиялык системасы сакталып калган. Абдулазиздин тушундагы финансылык кризис жана 50-жылдардагы Сауд Аравиясынын алгачкы феодалдык уруулук коомдон чыгуудагы жана башка ички кыйынчылыктар арабдардын улуттук-боштондук кыймылынын күчөшү менен дал келди.

1992-жылы (Фахд бин Абдулазиздин доору) диний чөйрөдөгү кырдаал андан ары өзгөрүүлөргө дуушар болгон б.а. өлкөнүн аткаруу бийлигинин структурасында Ислам иштери, вакфтар, даават жана насаат министрлиги пайда болгон. Бийликтин реформалары Жогорку Уламалар Кеңешин да, анын иш багытын да өзгөрттү. Бул Саудиянын эң жогорку диний мекемесинин курамына тиешелүү болгон. Франко-ливандык Набил Мулин Жогорку Уламалар Кеңешинин түзүлгөндөн 2000-жылдардын башына чейинки (бул мезгилде анын 52 мүчөсү болгон) өнүгүүсүнө көз чаптырсак, анын курамына кирген теологдордун абсолюттук көпчүлүгүн Нажддан келгендер - 73% (калган 9% - Хижаз, 7 - Асир жана Жаззан, 4 - Чыгыш

провинциясы жана 7% - жарандык алган чет элдиктер) деген жыйынтыкка келген. Өлкөдө монархтын жеке бийлигине да аршы чыккан, башка нукта саясат жүргүзүүнү талап кылган оппозициялык топтор, кландар бар экенин да белгилеп кетүүбүз керек. Саудиянын оппозициясы сүргүндө, б.а. ар дайым парламенттин сыртында.

Ислам 1920-2000-жылдары Сауд Аравиянын мамлекеттүүлүгүнүн жана иденттүүлүгүнүн калыптанышында негизги фактор болуп калганын айтууга болот. Саудиянын негиздөөчүсү Абдулазиз ваххабизмди жаңы мамлекет түзүү жана анын биримдигин сактоо үчүн колдонгон. XX кылымдын ортосунда Сауд Арабиясы өтө архаикалык коом болгон жана көп жагынан XX кылымды ошол эле калдыктар менен аяктаган. Бирок XX кылымдын экинчи жарымында башкарган беш королдун тушундагы мамлекеттик-саясий система бир аз өзгөргөн. Монархиянын тышкы формаларынын көз карашынан алганда мамлекеттик жогорку органдарды жана алардын тутумдарын модернизациялоого, бир кыйла заманбап борбордук жана жергиликтүү башкаруу аппаратын түзүүгө карай эволюциялык жылыштар болду.

Төртүнчү **“Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгүнүн өзгөчөлүгү”** бөлүмүндө Түштүк – Чыгыш Азия ислам мамлекеттердин ичинде өзгөчө орунда экенин талдоого алынат. Азыркы замандын глобалдуу чакырыктары бул региондогу мамлекеттердин социалдык-саясий өнүгүшүнүн бардык аспектилерине таасир тийгизүүдө. Мындай таасирлер Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү салттуу болгон исламдык башкаруу системасынан Батыш моделине өтүү жана анын күчтөнүшүнө өбөлгө болууда.

***Индонезия.*** Индонезия ислам дүйнөсүндөгү эң маанилүү өлкөлөрдүн бири. Ийгиликтүү саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү ислам мамлекеттеринин арасындагы беделин бекемдеп, анын мамлекеттүүлүк жөнүндөгү заманбап моделиндеги исламдын ролу жана орду башка ислам мамлекеттери үчүн үлгү боло алат.

XIII кылымда Түштүк-Чыгыш Азияда жайыла баштаган ислам Жакынкы Чыгыш же Түндүк Африкадагы исламдан айырмалап турган олуттуу өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Индонезияда Сунниттик ислам көпчүлүктү түзгөн. Ал эми шииттер азчылыкты түзгөн. XIX кылымда улуттук кыймылдын башталышы менен ислам Индонезия улутчулдугунун саясий практикасында маанилүү фактор болуп калды.

1949-жылкы ислам мамлекетин түзүү аракети мамлекеттүүлүктү өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон жолдорун ар кандай кабыл алган светтик жана ислам улутчулдардын ортосундагы карама-каршылыктардын күчөшүнүн натыйжасы болгон. Өсүп бара жаткан карама-каршылыктар светтик жана диний ар түрдүү өнүгүү жолдорун институтташтырууга жана колдонууга түрткү берди. Бул контекстте ислам мамлекетинин улутчулдар тарабынан сунушталган светтик долбоорго идеологиялык альтернативаны институтташтыруу аракети болгон. XX кылымдагы улуттук боштондук кыймылынын идеологиясында келечектеги мамлекеттүүлүктүн үч негизги моделдери турду – Исламга чейинки нормаларга негизделген, светтик жана исламдык.

Светтик модель атеисттик, маркстик-лениндик көз карашты жактагандар жана коммунисттик кыймылдын идеологдору колдошкон.

Ислам моделинин жактоочулары ислам принциптеринде курулган демократиялык мамлекетти түзүүнү жакташкан. Чыныгы эгемендүүлүк, теңдик, биримдик дин жолунда гана мүмкүн экенин баса белгилешкен. 1945-жылкы Конституциянын 29-беренесинде Индонезиянын мамлекеттүүлүгү динге негизделет жана дин жана сыйынуу эркиндигине кепилдик берилет деп белгиленет.

Индонезиядагы модернизациянын тажрыйбасы бир катар өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн жалпы жана спецификалык өзгөчөлүктөрдү камтыйт. Ислам дининин саясатка тийгизген таасиринин эволюциясы да өлкөдөгү конкреттүү тарыхый кырдаалдын, саясий режимдердин өзгөрүшүнүн, ички саясий тирешүүнүн таасири астында жүрөт. Индонезиянын исламдашуу процессинин дагы бир кызыктуу жагдайы – бул өлкөдө ислам, негизинен салттуу исламды карманган мусулмандардын көптүгү. Индонезия фундаменталист исламчылардын мусулман дүйнөсүнө “халифат долбоору” деп аталган жана алар тарабынан киргизилген “Ислам мамлекети” концепциясында камтылган моделдердин жана доктриналардын киришине каршы.

***Малайзия.*** Изилдөөчүлөр бул өлкөнүн исламдык диний ой жүгүртүүсүндөгү үч негизги агымды - консерватизмди, нео-модернизмди жана либерализмди белгилешет. Калкынын басымдуу бөлүгү мусулмандар болгонуна карабастан, Малайзия классикалык ислам мамлекети эмес, көп конфессианалдуу жана бир адамга дин тутуу эркиндиги кепилденген мамлекет болуп эсептелет. 1957-жылдын 31-августунда тогуз султанаттан турган Малайя Федерациясынын суверенитети жарыяланган. Бул тарыхый процессте диндин, өзгөчө исламдын, мамлекеттеги жана коомдогу ролу жана орду жөнүндөгү маселе өзгөчө мааниге ээ болгон. Консервативдик – фундаменталдык көз караштагылар ислам мамлекетин жана исламдашкан коомдун курулушун талап кылышкан. Пан-Малай ислам партиясы ислам мамлекети концепциясын жигердүү колдоочусу болгон. 1957-жылдагы Малайя Федерациясынын Конституциясында жана 1963-жылдагы Малайзия Актысында сунниттик агымдагы исламды мамлекеттик дин деп жарыяланган. Конституцияга ылайык, “ислам динин тутунгандар, малай тилин билгендер жана малай каада-салттарын кармангандар” башка этностордун укуктарына зыян келтирбестен, үч тармакта: мамлекеттик кызматтар, билим берүү жана бизнесте өзгөчө укуктарга ээ болушат.

Малайзия ислам мамлекети катары өзүн бир топ ийкемдүү жана көп кырдуу өлкө катары көрсөттү. Көпчүлүк ислам мамлекеттери сыяктуу эле анын негизги көрүнүшү – салттуу ислам жана суннит агымындагы мамлекет. Бирок, Малайзиянын көп конфессиялуу коому диний релятивизмдин көрүнүштөрүнөн жапа чегип келет. Бир жагынан, малайзиялыктарга мектептен эле дин маселелерин коомдук талкууга алып чыгууга болбойт, ишеним эркиндиги расасына, тилине, улутуна карабастан ар бир адамдын ажырагыс укугу экенин айтышат. Экинчи жагынан, ишенимди эркин тандоону түшүнүү көрүнүштөрү коомдо байкалбайт.

***Бруней.*** Экинчи дүйнөлүк согушка чейин Англиянын колониясы болгон Брунейди 1941-жылы Япония басып алган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Бруней кайра Британиянын карамагында калып британ аскердик администрациясынын жетекчилиги астында жаңы өкмөт түзүлгөн. 1959-жылы жаңы конституциясын иштеп чыгып, Бруней өзүн-өзү башкаруучу мамлекет деп жарыяланган. Бирок толук көз карандысыздык али алган эмес. 1953-жылы июлда Султан Омар Али Сайфуддин III Брунейдин жазылган конституциясы боюнча жарандардын пикирин билүү үчүн Тужух Серангкай деп аталган жети адамдан турган комитетти түзгөн. 1954-жылы май айында Султан, Резидент жана Жогорку Комиссар комитеттин корутундусун талкуулоо үчүн чогулушкан жана конституцияга уруксат берүүгө макул болушкан. 1959-жылы март айында Султан Омар Али Сайфуддин III Лондонго сунушталган конституцияны талкуулоо үчүн делегация менен барган. Ушундай көп жылдык талкуу, тактоо жана сурануулардан кийин Британ өкмөтү конституциянын долбоорун кабыл алды. 1959-жылы

29-сентябрда Брунейде Конституциялык келишимге кол коюлган. Келишимге Султан Омар Али Сайфуддин III жана Түштүк-Чыгыш Азия боюнча башкы комиссары Роберт Скотт кол коюшкан.

Эгемендүүлүк алгандан бери Бруней мамлекети өзүн ислам мамлекети катары көрсөтүп келет. Брунейде тарыхый, саясий жана диний салттарды айкалыштырган уникалдуу башкаруу формасын түзүлгөн. Өлкөнүн Конституциясына ылайык, шафии мазхабындагы сунниттик агымдагы ислам мамлекеттик дин деп жарыяланган

1990-жылы “Малай ислам монархиясы” мамлекеттик идеологиясы жарыяланып, өзгөчө жаш муундун арасында кеңири жайылтылган. Бул идеологиянын маңызы Бруней – малайлык иденттүүлүгүнүн үч негизин камтыйт: малай маданиятынын салттарына жана баалуулуктарына берилгендик, ислам динине жана ага негизделген жашоо образына берилгендик жана саясий салт катары абсолюттук монархияны карманууу. Бардык расмий иш саралар Куран окуу менен башталат. Улуттук салтанаттуу иш-чараларга катышуу ислам динин тутунгандарды гана эмес, мусулман эместерден да исламдын эрежелерин сактоону талап кылат. Мисалы улуттук кийимдерди кийүү, аялдар үчүн башына жоолук салынуу сыяктуу талаптар коюлган. 2013-жылдын октябрында Султан Хассанал Болкиах өлкө калкынын болжол менен үчтөн экисин түзгөн өлкөнүн мусулмандарына карата колдонула турган шариаттын негизинде жазалоону киргизүүнү демилгелеп Бруней Чыгыш Азиядагы шариат мыйзамдарын кылмыш кодексине киргизген биринчи жана жалгыз өлкө болуп калды. Бул кадам эл аралык сынга кабылып, Бириккен Улуттар Уюму "терең тынчсызданuусун" билдирген.

## КОРУТУНДУ

XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын, түрдүү мамлекеттердин мисалында ислам мамлекеттүүлүгүнүн формаларын изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот.

1. Ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхнамасын иликтөө, терең жана ар тараптуу талдоо жүргүзүү менен алардын негизинде буга чейинки илимий эмгектерге баа берип, жетишкендиктери менен өксүктөрүн аныктоо аркылуу ислам мамлектүүлүгүнө арналган илимий эмгектердин жыйынтыктары, мамлекетүүлүктүн тигил же бул маселелеринде илимий изилдөө иштери бул тармактагы изилдөөчүлөргө салыштырмалуу багыт көрсөтүп, жаңы көз караштагы эмгектердин жаралышына түрткү берет. Ислам мамлекетүүлүгүнүн маселелерин изилдөөнүн актуалдуулугуна, ошондой эле бул маселеге илимий чөйрөнүн гана эмес, жалпы коомчулуктун кызыгуусуна карабастан, XX кылымдагы бир катар мамлекеттерде мамлекеттүүлүктү калыптандыруудагы ролу жетишээрлик деңгээлде изилденбегендиктен аны терең талдоо талап кылынат.

2. Изилдөөнүн методологиялык базасы тарыхый салыштырмалуулук, объективдүүлүк, тарыхый булактарга таянуу жана изилдөөнүн комплекстүүлүгү принциптерине негизделген. XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын талдоодо биз тарыхый жагдайлардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуялардын хронологиялык ыраатуулугуна таяндык.

3. Тарыхый булактарды, илимий эмгектерди изилдөө менен ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын, айрыкча Сауд Араб мамлекетинин, Иран Ислам Республикасынын жана Түштүк – Чыгыш Азия мамлекеттеринин XX кылымдагы тарыхынын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүн ачып бере алдык.

4. Ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздерин изилдөө менен алардын ичинен илимий негиздүүлөрүн, теманы ачып бере тургандарын жана изилдөө контекстине туура келгендерин колдонуу аркылуу ислам концепциясы «мамлекет» феноменин Батыш илиминен башкача түшүнөөрүн байкадык. Исламдын мамлекет жөнүндө концепциялар жалпысынан дин менен мамлекеттин ортосундагы байланышты өтө тыгыз карагандыгы менен Батыш цивилизациясынан айырмаланат. «Мамлекет» термини зарылдыгы болбогондуктан ислам укуктук жана саясий теориясындагы орду белгисиз бойдон калган. Кырдаал XX кылымдагы ислам дүйнөсүндөгү мамлекеттик эгемендүүлүктү улуттук жактан чектөө, тактап айтканда улуттук мамлекеттердин көз карандысыздыкты талап кылуу жана ал үчүн күрөшүү процесси башталганда бир аз өзгөргөн. Халифат концепциясы мамлекет башчысы, анын функциялары жана артыкчылыктары жөнүндөгү өзгөчө идеялары аркылуу мусулман коомчулугунун саясий идеологиясынын негизин түзгөн. Азыркы учурда анын салттуу жоболору кээ бир ислам мамлекеттеринде мамлекеттик-укуктук идеяларга жана теорияларга тийгизген олуттуу таасирин сактап калууда.

5. Исламда эки негизги багыт бар. Суннит жана шиит агымдары. Алардын ар биринин мамлекеттүүлүк боюнча өзүнүн концепциясы бар. Сунниттик исламда Аллах жогорку бийликти жана эгемендүүлүктү алып жүрүүчү катары таанылат жана үммөт мамлекетти коомду анын буйруктарынын негизинде гана уюштурат. Ушуга байланыштуу жер бетинде Аллахтын атынан жогорку бийликти өз башчысын шайлоо укугуна ээ болгон мусулман коомчулугу аткарат. Шиитердин саясий доктринасы суннилер менен Алланын жалгыз бийлиги боюнча бүтүмгө макул болгону менен анын жердеги орун басары, бийлик жүргүзүүчү боюнча имамдын жердеги көзөмөлүн, б.а. рухий лидердин бийлигин жактайт. Имам өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда шариат нормаларына көңүл бурууга милдеттүү. Ал жамааттын каалоосу менен эсептешпейт, анын мүчөлөрү тарабынан шайланбайт, Аллахтын бул жашоодогу түздөн-түз өкүлү катары иш алып барат. Эки концепциянын алкагында мамлекеттүүлүктүн теократиялык табияты болжолдонуп, бардык светтик бийлик диний өкүлдөргө баш ийүүсү киргизилген.

6. Ислам мамлекетүүлүгүнүн шииттик доктринадагы негизги идеалар Иран Ислам Республикасынын мамлекеттик түзүлүшүнө киргизилген. Иран Ислам Республикасынын ислам мамлекеттүүлүгүнүн өзүнүн системасын түзө алды жана аны мусулман коомун модернизациялоонун үлгүсү катары сыпаттаса болот. Ал көз карандысыз, тышкы таасирлерден, күчтөрдөн тышкаркы өнүгүү жолун тандап алган. Бул модель салттуу баалуулуктарга негизделген жана алар өздөрүнүн саясий өзгөчөлүгүн сактап калуу менен кандайдыр бир деңгээлде демократиялык принциптерди камтып турат. Иран Ислам Республикасынын тажрыйбасы көрсөткөндөй, динди саясий күрөштүн кубаттуу куралына айланган идеология катары пайдалануу саясий кырдаалы туруксуз, экономика алсыз, улуттук иденттүүлүк кризисин баштан кечирип жаткан өлкөлөрдө коомдук-саясий процесстердин андан ары өнүгүү багытын аныктоодо чечүүчү роль ойной алаарын көрсөттү. 1979-жылдагы ислам революциясынын негизги мурасы – азыркы учурда өлкөнүн жетекчилигине түздөн-түз таасирин тийгизген ирандык диниятчылардын ишмердүүлүгү. Идеологиялык нормаларды иштеп чыгуу жана колдонуу консервативдүү ой жүгүртүүлөргө олуттуу ыктоо менен ылдам жана белгилүү жол менен баратат.

7. Суннит агымынын мамлекеттүүлүк боюнча негизги концепциясы XX кылымдагы Сауд Араб мамлекетинде өкүм сүрүп жатканын изилдөөнүн

жүрүшүндөгү талдоолордон улам байкасак болот. ислам 1920-2000-жылдары Сауд Аравиянын мамлекеттүүлүгүнүн жана иденттүүлүгүнүн калыптанышында негизги фактор болуп калганын айтууга болот. Саудиянын негиздөөчүсү Абдулазиз ваххабизмди жаңы мамлекет түзүү жана анын биримдигин сактоо үчүн колдонгон. XX кылымдын ортосунда Сауд Арабиясы өтө архаикалык коом болгон жана көп жагынан XX кылымды ошол эле калдыктар менен аяктаган. Бирок XX кылымдын экинчи жарымында башкарган беш королдун тушундагы мамлекеттик-саясий система бир аз өзгөргөн. Монархиянын тышкы формаларынын көз карашынан алганда мамлекеттик жогорку органдарды жана алардын тутумдарын модернизациялоого, бир кыйла заманбап борбордук жана жергиликтүү башкаруу аппаратын түзүүгө карай эволюциялык жылыштар болду.

8. Түштүк – Чыгыш Азия мамлекеттеринин модернизациялык тажрыйбасынын бардык аспектилерине дүйнөдөгү ааламдашуунун таасири тийди. Мындай таасирлер Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү салттуу болгон исламдык башкаруу системасынан Батыш моделине өтүү жана анын күчтөнүшүнө өбөлгө болгону белгиленди. Ислам мамлекеттүүлүгү концепциясы XX кылымда эгемендүүлүккө ээ болгон көпчүлүк мусулман өлкөлөрүнүн мамлекеттик-конституциялык өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген. Алардын көбүнүн конституциялык мыйзамы исламы мамлекеттик дин катары таанып, бүгүнкү күндө ислам саясий теориясынын жана практикасынын көптөгөн спецификалык институттарын жана принциптерин киргизүүнү жана калыптандырууну улантышууда.

**Практикалык сунуштар:**

1. XX кылымдагы ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхы бир эле диссертациялык изилдөөнүн деңгээлинде токтолуп калбастан, андан ары да терең жана ар тараптуу, философиялык, укук таануу, теология ж.б. жааттарында дагы да изилдөөлөргө алынышы зарыл.
2. Жалпы ислам мамлекетүүлүгүн, анын ичинде XX кылымдагы ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхынын тарыхтагы жана башка илимдердеги ээлеген ордун дагы терең ачып берүү үчүн комплекстүү жана систематикалык изилдөө иштери менен, ага байланышкан түшүнүктөргө, терминдерге оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү, сөздүктөрдү жана түшүндүрмөлөрүн чыгаруу жана аларды интернетте мультимедиа ыкмасын (сүрөт, видео, аудио) колдонуу аркылуу жарыялоо.
3. Ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхы, укуктук концепциясы жана анын тарыхиын ар кандай этаптарында кыргыз коомдук-саясий мамилилелерине тийгизген таасири тууралуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү керек.
4. XX кылымдагы ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхы, жалпы мамлекеттүүлүк жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы боюнча салыштырмалуу талдоолорду жүргүзүп, аларды жалпы коомго жеткирүү.
5. Ислам мамлекетиндеги мамлекеттик формаларды, саясий режимин, мамлекеттик түзүлүштүн белгилеп көрсөтүү, тарыхый, саясий, укуктук жана дин таануу боюнча окуу куралдарына киргизүү кыргыздардын коомдук түзүлүшү менен салыштырууда, талдоодо жардам берет.
6. XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы тууралуу орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын, жалпы билим берүүчү мекемелердин окуу китептерине киргизүүнү сунуштоо жана тарых, укук таануу, дин таануу, саясат

таануу, эл аралык мамиле боюнча адистерди даярдаган атайын орто, кесиптик окуу жайларында, адистешкен жогорку окуу жайларында атайын курстарды уюштуруу.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:**


1. Амантур уулу Э. Ислам мамлектуулугунун калыптанышында суннит жана шиит мамлекеттеринин негизги тарыхый этаптары [Текст] / Амантур уулу Э. // Евразийское научное объединение. 2019. №4 С. 376-379.
2. Амантур уулу Э. Суннитская и шиитская модели государства в истории развития исламской государственности. [Текст] / Амантур уулу Э. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 3. С. 204-206.
3. Амантур уулу Э. Исторические тенденции становления исламской государственности. [Текст] / Амантур уулу Э. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 2. С. 145-148.
4. Амантур уулу Э. Формы исламской государственности в XX веке [Текст] / Амантур уулу Э. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 3. С. 204-208.
5. Амантур уулу Э. Шиитская государственность на примере Исламской Республики Иран и концепция имама Хомейни “Исламское государства”. [Текст] / Амантур уулу Э. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 6. С. 153-156.
6. Амантур уулу Э. Суннитский вариант исламского государства в королевстве Саудовская Аравия [Текст] / Амантур уулу Э. // Бюллетень науки и практики. 2022. Т. 8. №5. С. 744-749 .
7. Амантур уулу Эдилбек. XX кылымдагы ислам өлкөлөрүндөгү ислам фундаментализминин эволюциясы [Текст] / Амантур уулу Э. // «Вестник КГУ им. И. Арабаева» 2022. №1. С. 267-273.
8. Амантур уулу Э. Формы исламской государственности: страновое разнообразие [Текст] / Амантур уулу Э. // Бюллетень науки и практики. 2023. Т. 9. №3. С. 478-483.
9. Амантур уулу Э. Особенности развития концепции исламской государственности [Текст] / Амантур уулу Э. // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. 2023. № 12-2 (87). С. 6-9.


**Амантур уулу Эдилбектин «XX кылымдагы ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхы» деген темадагы 07.00.03 - жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын (Бишкек, 2024)**

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** Мамлекеттүүлүк, халифат, доктрина, ислам, тарыхнаама, теория, Куран, конституция, мамлекеттик башкаруу формалары, суннит, шиит.

**Иштин максаты** - XX кылымдагы ислам өлкөлөрүнүн мамлекеттүүлүтүнүн калыптануусунун, өнүгүү тарыхын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Изилдөөнүн объекти** - ислам мамлекеттүүлүгү Иран, Сауд Араб жана Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгү.

**Изилдөөнүн предмети** - катары Иран, Сауд Араб жана Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндө ислам мамлекеттүүлүгүнүн XX кылымдагы калыптанышы, өзгөчөлүгү жана өнүгүүсү каралат.

**Изилдөө ишинин методологиялык негизин** тарыхый объективдүүлүк, булак таануучулук, салыштырма-тарыхый, эмпирикалык, маалымат чогултуу, тарыхый-генетикалык, системалык изилдөө жолу, ретроспективдүү, карама-каршылык ыкмалары жана тарыхыйлуулук принциптери түздү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргызстандын тарых илиминде арбын тарыхнааманы анализдөө менен алгачкылардан болуп ислам мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхынын маселелери диссертациялык иликтөө катары изилдөөгө алынды;

Диссертациялык изилдөөдө ислам мамлекеттүүлүгүнүн өзгөчө формасынын калыптануусу, башкаруу философиясы кеңири тарыхый булактарды жана аналитикалык маалыматтардын негизинде изилденип артыкчылыктарына, кемчиликтерине талдоого алынып, жыйынтыктар чыгарылды;

Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгү, аны негиздөөчүсү имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясынын философиясы жана башкаруусу жана Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизи, өзгөчөлүктөрү тарыхый салыштырмалуу талдоонун негизинде изилденди;

Түштүк – Чыгыш Азия ислам өлкөлөрүндөгү мамлекеттүүлүгү, ал мамлекеттердин салыштырмалуу тез өнүгүүсүнүн сырларын ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктары дүйнөлүк экономикада алдынкы орунда турушкан, мамлекетти башкаруу, өнүктүрүү, эл аралык ийгиликтүү мамилелерди жүргүзүү жаатында бай тажрыйбасы, дүйнөлүк саясатта өздөрүнүн орду бар ислам мамлеттеринин тарыхын үйрөнүп мамлекетти калыптандырып, экономиканы өнүгүү жолуна коюп жаткан биздин өлкө үчүн практикалык мааниси жогору.

**Колдонуу чөйрөсү.** Ислам мамлекеттерине карата конфессиялык саясатты жана тышкы саясий чечимдерди иштеп чыгуу учун жооптуу кесипкей кадрларды даярдоодо иштин айрым натыйжаларын колдонууга мүмкүн. Бул өлкөлөр менен соода-экономикалык жана саясий мамилелерди жана байланыштарды түзүү мамлекетке инвестицияларды тартууга, биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга шарт түзөт.

## РЕЗЮМЕ

**диссертация Амантур уулу Эдилбека на тему «История исламской государственности в XX веке» - на соискание ученой степени кандидата исторических наук, по специальности 07.00.03 - всеобщая история (Бишкек, 2023 г.)**

**Ключевые слова:** Государственность, халифат, доктрина, ислам, историография, теория, Коран, конституция, формы правления, сунниты, шииты.

**Цель работы** – изучить историю и особенности становления, развития государственности исламских стран в XX веке.

**Объект исследования** - исламская государственность в Иране, Саудовской Аравии и странах Юго-Восточной Азии.

**Предмет исследования** - становление, особенности и развитие исламской государственности в Иране, Саудовской Аравии и странах Юго-Восточной Азии в XX веке.

**Методологическую основу исследовательской работы составляет:** историческая объективность, источниковедческий, сравнительно-исторический, эмпирический, сбор информации, историко-генетический, системный путь исследования, лингвистический, семиотико-семантический, ретроспективный, противоречивые-количественные методы и историчности принципы.

**Научная новизна исследования:** В исторической науке Кыргызстана на основе анализа многочисленных историографий впервые в качестве диссертационного исследования были изучены вопросы истории становления и развития исламской государственности;

В диссертационном исследовании на основе обширных исторических источников и аналитических данных изучено формирование особой формы исламской государственности, философия управления, проанализированы ее преимущества и недостатки, сделаны выводы;

На основе исторического сравнительного анализа изучены государственность Исламской Республики Иран, философия и управление концепцией «Исламского государства» его основателя Имама Хомейни, а также основы и характеристики исламской государственности в Королевстве Саудовская Аравия. анализ;

Была предпринята попытка раскрыть тайны государственности в исламских странах Юго-Восточной Азии и относительно быстрого развития этих стран.

**Рекомендации по исследованию.** Основные результаты научных исследований имеют большое практическое значение для нашей страны, занимающей лидирующие позиции в мировой экономике, обладающей богатым опытом в области государственного управления, развития и успешных международных отношений, формирующей государство путем изучения история исламских стран, которые занимают свое место в мировой политике и ставят экономику на путь развития.

**Область применения.** Некоторые результаты работы возможно использовать при подготовке профессиональных кадров, ответственных за выработку конфессиональной политики и внешнеполитические решения в отношении исламских государств. Установление торгово-экономических и политических отношений и контактов с этими странами создает условия для привлечения государством инвестиций и реализации совместных проектов.


## SUMMARY

**dissertation by Amantur uulu Edilbek on the topic "History of Islamic statehood in the 20th century" - for the degree of candidate of historical sciences, specialty 07.00.03 - general history (Bishkek, 2023)**

**Key words:** Statehood, caliphate, doctrine, Islam, historiography, theory, Koran, constitution, forms of government, Sunnis, Shiites.

**Purpose of the thesis:** work is to study the history and features of the formation and development of statehood in Islamic countries in the 20th century.

**The object of the** study is Islamic statehood in Iran, Saudi Arabia and the countries of Southeast Asia.

**The subject** of the study is the formation, features and development of Islamic statehood in Iran, Saudi Arabia and the countries of Southeast Asia in the 20th century.

**The methodological basis of the** research work is: historical objectivity, source study, comparative historical, empirical, information collection, historical-genetic, systemic path of research, linguistic, semiotic-semantic, retrospective, contradictory-quantitative methods and historicity principles.

**Scientific novelty of the research:** In the historical science of Kyrgyzstan, based on the analysis of numerous historiographies, for the first time, issues of the history of the formation and development of Islamic statehood were studied as a dissertation research;

In the dissertation research, based on extensive historical sources and analytical data, the formation of a special form of Islamic statehood, the philosophy of management were studied, its advantages and disadvantages were analyzed, conclusions were drawn;

Based on historical comparative analysis, the statehood of the Islamic Republic of Iran, the philosophy and management of the concept of the "Islamic State" of its founder Imam Khomeini, as well as the foundations and characteristics of Islamic statehood in the Kingdom of Saudi Arabia are studied. analysis;

An attempt was made to uncover the secrets of statehood in the Islamic countries of Southeast Asia and the relatively rapid development of these countries.

**Practical recommendations.** The main results of scientific research are of great practical importance for our country, which occupies a leading position in the world economy, has rich experience in the field of public administration, development and successful international relations, forms the state by studying the history of Islamic countries, which take their place in world politics and put economy on the path of development.

**Application area.** Some of the results of the work can be used in training professional personnel responsible for developing religious policies and foreign policy decisions regarding Islamic states. The establishment of trade, economic and political relations and contacts with these countries creates conditions for the state to attract investments and implement joint projects.